DOI:10.26104/IVK.2022.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2022

## БИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
## БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
## BIOLOGICAL SCIENCES

*Маматеминова Т.М.*

# ГРЕЧИХА ГҮЛДҮҮЛӨР (*POLYGONACEAE* L.) УРУУСУНДАГЫ ДАРЫ-ДАРМЕК КАТАРЫ ПАЙДАЛАНЫЛГАН ӨСҮМДҮКТӨРДҮН АЙРЫМ ТҮРЛӨРҮ

*Маматеминова Т.М.*

# НЕКОТОРЫЕ ВИДЫ РАСТЕНИЙ ИЗ СЕМЕЙСТВА ГРЕЧИШНЫХ (*POLYGONACEAE* L.), ИСПОЛЬЗУЕМЫЕ КАК ЛЕКАРСТВЕННОЕ СРЕДСТВО

*T. Mamateminova*

# SOME SPECIES OF PLANTS THAT BELONG TO THE BUCKWHEAT FAMILY (*POLYGONACEAE* L.) USED AS A MEDISINE

*УДК: 582.665.11*

*Макалада Ош шаарынын айланасы жана Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын аймагында таралган гречиха (Polygonaceae L.) гүлдүүлөр уруусундагы дары-дармек катары пайдаланылган өсүмдүктөрдүн айрым түрлөрү изилденди. Маршруттук экспедицияларда гречихалар уруусуна кирген өсүмдүктөр баяндалып жазылып, гербарийлери жыйналды. Өсүмдүктөр тоолуу талаалардан, бийик чөптүү шалбаалардан, таштуу тик беттерден, суу жээктеринен, саздардан, көчө бойлорунан ж.б. жыйналды. Илимий жана элдик медицинада колдонулуучу дары-дармек түрлөрүнүн тизмеси жазылды. Айрым түрлөрүнүн курамындагы дарылык касиетти берип туруучу заттары боюнча маалыматтар алынды. Изилдөө мезгилинде бул урууга кирген 10 дон ашуун өсүмдүктөрдүн гербарийлери жыйналып аныкталды. Кыргызстандын аймагында кездешкен гречиха гүлдүүлөр уруусунун 60 түрүнүн ичинен изилденген аймакта 33 түрү учурагандыгы белгилүү болду. 10 түрү дары-дармек катары пайдалана тургандыгы аныкталды. Айрым түрлөрү (Polygonit aviculare) отоо чөп катары белгилүү болуп келгендиги маалым болду.*

***Негизги сөздөр:** авикулярин, витамин, маршрут, экспедиция, гербарий, дары-дармек, саз, тамыры, отоо чөп, аштоочу зат.*

*В статье представлены некоторые представители из семейства гречишных (Polygonaceae L.) в качестве лекарственного средства распространенные в окрестнестях города Ош и в Кыргыз-Атинском государственном национальном природном парке. В ходе экспедиций были описаны растения из семейства гречишных и собраны гербарии. Растения были собраны в горных районах, на высоких травянистых лугах, на каменистых склонах, у берегов, на болотах, по обочинам улиц и.т.д. Был составлен список применимый в научной и народной медицине. Получены данные о лечебных свойствах некоторых видов. В ходе исследования были собраны и определены гербарии более 10 растений этого рода. Из 60 видов гречишных, обнаруженных в Кыргызстане, на исследуемой территории найдены 33 вида. Определено, что 10 видов могут быть использованы в качестве лекарственных средств. Некоторые виды (Poligonit aviculare) известны как сорняки.*

***Ключевые слова:** авикулярин, витамин, маршрут, экспедиция, гербарий, лекарство, болота, корень, сорняк, дубильное вещество.*

*The article presents some representatives of the buckwheat family (Polygonaceae L.) as a medicinal product distributed in the vicinity of the city of Osh and in the Kyrgyz-Ata State National N-atural Park. During the expeditions, plants from the buckwheat family were described and herbariums were collected. Plants were collected in mountainous areas, high grassy meadows, rocky slopes, near the coast, in marshes, along streets, etc. A list was compiled applicable in scientific and traditional medicine. Data on the medicinal properties of some species have been obtained. During the study, herbariums of more than 10 plants of this genus were collected and identified. Out of 60 buckwheat species found in Kyrgyzstan, 33 species were found in the study area. It is determined that 10 species can be used as medicines. Some species (Poligonum aviculare) are known as weeds.*

***Key words:** avicularin, vitamin, route, expedition, herbarium, medicine, swamps, root, weed, tannin*

**Актуалдуулугу**. Элдин керектөөсү үчүн жапайы флоранын өсүмдүктөр ресурсу, анын ичинен гречиха гүлдүүлөр (*Polygonaceae* L.) уруусуна кирген дары-дармек катары пайдалануучу айрым түрлөрүн үйрөнүү актуалдуу маселелерден болуп саналат.

Дары препараттардын сырьелук базасын табигый өсүмдүк ресурстарын үйрөнүү жана эффективдүү пайдалануу менен, жана чектелген жаратылыштык кору бар перспективдүү жапайы өсүүчү дары-дармек өсүмдүктөрдү маданиятташтыруу аркылуу кеңейтүү мүмкүн.

Акыркы жылдарда илимде жана практикалык медицинада өсүмдүк сырьесунан алынган дары препараттарга болгон кызыгуусу улам артып барат. Бул тенденция дары өсүмдүктөрдү өтө чоң ассортиментте традициялык пайдалануучу өлкөлөрдө гана эмес, химиялык-фармацевтикалык өнөр жайы өтө күчтүү өнүккөн өлкөлөрдө да байкалууда.

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



Азыркы мезгилде өсүмдүктөрдөн алынган препараттарды пайдалануу, эреже катары жана башка өсүмдүктөрдө кармалуучу биологиялык активдүү заттардын суммасы-организм үчүн дарылык таасир берет. Коштоочу заттар негизги таасир этүүчү заттардын таасирин күчөтүшү же мөөнөтүн узартышы мүмкүн.

Салттык медицинада жана илимий медицинада дары өсүмдүктөрдүн 250дөн ашуун түрлөрүнүн сырьелору пайдаланылат, алардын ичинен 50%дан ашууну жапайы өсүүчү өсүмдүктөр. Жапайы өсүүчү дары-дармек өсүмдүктөр жаңы, али изилденбеген аймактарды үйрөнүү менен келечекте кеңейтилет. Бул максатта ар бир аймакта илимий медицинада белгисиз болуп келе жаткан дары өсүмдүктөрдүн түрлөрүн табуу өтө чоң кызыгууну туудурат.

Гречиха гүлдүүлөр (*Polygonaceae* L.) уруусуна кирген өсүмдүктөрүнүн дарылык ролу зор. Бул уруунун илимий жана элдик медицинада колдонулушу жумуштун актуалдуулугун белгилейт.

**Изилдөөнүн материалдары жана усулдар.** Ош шаарынын айланасы жана Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын аймагында таралган гречиха (*Polygonaceae* L.) гүлдүүлөр уруусунун айрым өкүлдөрүнүн дары-дармек катары пайдаланууда-гы ролу изилденди. Өсүмдүктөрдү изилдөөнү өсүмдүктүүлүктүн бардык типтерин камтыгандай эсеп менен аткарылды: тоолуу талаалар, бийик чөптүү шалбаалар, дарак-бадал өсүмдүктөрдү, шалбаалары, таштуу тик беттер, эгин талаалары жана суу жээгиндеги өсүмдүктүүлүк, саздар ж.б.

Маршруттук экспедицияларда гречихалар (*Polygonaceae* L.) уруусуна кирген өсүмдүктөр баяндалып жазылып, бардык жолуккан өкүлдөрүнүн гербарийлери алынып, илимий жана элдик медицинада колдонулуучу дары-дармек түрлөрдүн тизмеси жазылды.

Бул мезгилде 10дон ашуун өсүмдүктөрдүн гербарийлери жыйналды жана аныкталды. Жыйналган материалдар «Флора Киригизской ССР» (IV т. 1952-1965) аныктагычы боюнча аныкталып, «Определитель растений Средней Азии» (I-X т.т. 1968-1993) флоранын критикалык конспекти, андан башка А.Л. Тахтаджяндын (1978), Р.В. Камелиндин (1973), Б.А. Султанованын, Г.А. Ласьковдун, Л.П. Лебедеванын, Р.Н. Ионовдун (1998) эмгектери боюнча такталып, кээ бир маалыматтар «Флора Узбекстана» (1941-1962) эмгегинен алынды. Өсүмдүктөрдүн аталышы С.К. Черепанов (1981) боюнча текшерилди.

Түрлөрдүн илимий медицинада жана элдик дарылоодо пайдаланылышы боюнча А.А. Алтымышев (1976), И.В. Выходцев жана Е.В. Никитина (1946), И.А. Губанов жана Боцманова (1963), В.Н. Павлов (1972), В.И. Вандышева, А.А. Юсупова, П.К. Алымбаева ж.б. (1977), П.К. Алымбаева, З.С. Арбаева, Ж.С. Нуралиева ж.б. (1987), А.Д. Турова, Э.Н. Сапожникова (1984), Н.В. Кенжебаева (2002), Г.К. Раимкулова жана К.Р. Токтосунова (2002) жана М.М. Ботбаева (2012) алынды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Гречиха гүлдүүлөр (*Polygonaceae* Lindl.) уруусу анча чоң эмес уруу болуп эсептелип, өсүмдүктөрдүн 800дөй түрүн өз ичине камтыйт [4; 6]. Уруунун өкүлдөрү жер шарынын көп жеринде таралып, көпчүлүгү чөп, азыраак өкүлдөрү дарак же бадал өсүмдүктөрү болуп эсептелет. Бул уруунун өкүлдөрүнүн Кыргызстандын аймагында 60ка жакын түрү кездешип, алар тоо этегиндеги жарым чөл зонасынан тартып альпы шалбааларына чейинки алкактарда кеңири тараган [3].

Гречиха гүлдүүлөр *(Polygonaceae L.)* уруусуна кирген өсүмдүктөрдүн көпчүлүк түрлөрү отоо чөп катары каралса, айрымдары тамак-ашта колдонулат. Бирок, ошого карабастан көптөгөн өкүлдөрү илимий жана элдик медицинада дары-дармек катары пайдаланылып келет.

**Жерге төшөлүп өскөн кымыздык же спорыш** (Горец птичий - *Polygonum aviculare*) – курамында көп сандаган кремний кислотасын жана аштоочу заттарды кармайт. Спорыштын кургатылган жалбырактарында 40% чейин каротин жана 0,12% С витамини кармалат.

Илимий медицинада жерге төшөлүп өскөн кымыздык 1955-жылдан бери авикулярин препараты менен белгилүү болуп келет. Ошондуктан жатындан кан агууну токтотууда жана көк жөтөлдө колдонулат. Ал эми элдик медицинада спорыштан даярдалган препараттар сезгенүүгө каршы, бөйрөк ооруларында диуретикалык каражат катары, боордун табарсыктын жана ашказан ооруларында кайнатмалар, демдемелер, порошок жана шире түрүндө пайдаланылат.

**Суу кымыздыгы** (Горец перечный, водяной перец – *Polygonum hydropiper* L.) - 2-2,5% флавонолдордун туундусу, аштоочу заттар, А, D, Е витаминдери көбүнчө К витамини көп учурайт, акорбин кислотасы, эфир майлары, органикалык кислоталар (кумурска, уксус, валериан), холин, фенолдук кислоталар кездешет.

Суу кымыздыгы сийдик айдоочу, куруштуруучу (вяжущий) жана сезгенүүгө каршы пайдаланылат. Курамындагы эфир майлары кан басымын бир аз төмөндөтөт. Флавоноиддер артериолалардын жана капиллярлардын керегелеринин өткөрүүчүлүк касиетин азайтат.

Тамыры – ашказандын төмөнкү кислоталуулугунда жана башка ичеги карын ооруларында пайдаланылат. Жер үстү бөлүгү илимий жана элдик медицинада кеңири колдонулуп, медициналык өнөр жайларда тундурмалары (экстракт) жана демдемелери даярдалат. Тундурмасы геморройго каршы колдонулуучу "Анестезол" свечасынын курамына кирет. Кайнатма-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



лары бактериоциддик касиетке ээ болгондуктан малярияда, сийдик чыгаруу кыйындаганда, кычыткыда, шишиктерде жана сүрдүртүп, көгөртүп алган жерлерге, ооруну басаңдатуучу; жаңы абалында горчичниктин ордуна колдонулат. Ал эми баш ооруларында чай түрүндө ичилет. Бирок азыркы мезгилде суу кымыздыгынан даярдалган дары-дармектер өз алдынча колдонулбайт жана аз пайдаланылат. Көбүнчө башка дарылар менен кошо комплекстик түрүндө берүү сунушталат.

**Кадимки козу кулак (Rumex acetosa) –** курамында белоктор, азоттук заттар, козу кулак кислотасы, кант, С жана В, К, РР, Е группасындагы витаминдер, каротин, кверцетин, темир, жез, марганец, мышьяк, молибден, магний, калий, натрий, никель, стронций, фосфор, фтор, цинк кармалат. Тамыр системасында аштоочу заттар, органикалык кислоталар, чайыр, крахмал, клетчатка табылган.

Козу кулактан жасалган препараттар бактериоциддик, кан токтотуучу, ооруну басаңдатуучу, цынгага каршы касиетке ээ жана боордун, ичегилердин функциясын жакшыртат. Тамыры ооруну басаңдатуучу, куруштуруучу (вяжущий), уруктары – куруштуруучу, кан токтотуучу каражат катары колдонулат [1].

**Максимович ышкыны (чүкүрү) - (*Rheum maximowiezii Losinsk*).** Тамыры углеводдорду, фенолдорду, фенолкарбон кислоталарын, катехиндерди, катехин полимерлерин, катехиногаллат, галлокатехин жана анын галл эфирлерин, аштоочу заттарды, кумариндерди, лейкоцианиддерди, антрахинондорду кармайт. Сабагында С, А, Е, $B_1$, $B_2$, $B_6$, $B_{12}$ витаминдери жана микроэлементтер кармалат. Жалбырактарынан органикалык кислоталар (алма, козу кулак), кант, клетчатка, гемоцеллюлоза, пектин, мөмөлөрүнөн аштоочу заттар табылган.

Элдик медицинада жаш жалбырактарынан жана сабактарынан даярдалган соктордy же компотторду жана киселдерди аз кандуулукта, дененин табы көтөрүлгөндө жана гипотензиялык каражат катары пайдаланылат. Мындан сырткары ышкынды гипоациддик гастритте (Ю.Н. Нуралиев белгилегендей ачкарын пайдаланууга болбойт), гепатитте, холангитте, өт жолдорунун дискинезиясында, туберкулездо, геморройдо, өнөкөт ич катууда, гипертониялык ооруларда, полиартритте колдонууну сунуштайт. Жалбырактары байыркы замандарда ык тутууда, дизентерияда, бөйрөктөрдүн жана табарсык, жатын ооруларында, уулуу жана башка жаныбарлар чакканда пайдаланышкан.

Ышкындын составындагы калийдин жетиштүү санда кармалышына байланыштуу жүрөк оорулары менен ооругандар үчүн да пайдалуу [5].

Гречкалуулар уруусуна кирген өсүмдүктөрдөн алынган сырьелор дары-дармек катары ооруларды айыктырууда кеңири пайдаланылат. Азыркы мезгилде синтетикалык аналогдордон алынган дары-дармектердин көптүгүнө карабастан, өсүмдүк сырьелорунан алынган дары-дармектер организм үчүн коркунучсуз экендигин далилдейт.

Өсүмдүк сырьелорунан алынган препараттар азыркы күнгө чейин актуалдуу экендиги талашсыз.

Жогоруда айтылгандай эле Кыргызстандын аймагында гречиха гүлдүүлөр уруусунун 60 түрү бар деп илимий булактарда берилет. Алардын ичинен биздин изилдөө аймагыбызда 33 түрү учурайт. Алар: *Polygonum* тукумунан 19 түр, *Rumex* тукумунан 7 түр, *Rheum* тукумунан 3 түр, *Atraphaxis* тукумунан 4 түр. Изилденген аймактагы 33 түрдүн ичинен 10 түрү дары-дармек катары пайдаланууга боло тургандыгы аныкталды (табл. 1).

*Таблица 1*

**Дары-дармек катары колдонулган *Polygonaceae* уруусунун өкүлдөрүнүн сандык көрсөткүчү**

| № | Өсүмдүктөр тукуму | Кыргызстанда кездешкен түрлөрдүн саны | Изилденген аймакта кездешкен түрлөрдүн саны | Дары-дармек катары пайдаланган түрлөрдүн саны |
|---|---|---|---|---|
| 1. | *Polygonum* L.(кымыздык) | 29 | 19 | 7 |
| 2. | *Rumex* L.(козу кулак, ат кулак) | 14 | 7 | 1 |
| 3. | *Rheum* L. (ышкын) | 7 | 3 | 2 |
| 4. | *Atraphaxis* L. (боз караган - курчавка) | 7 | 4 | - |
| 5. | *Calligonum* L.(жузгун) | 2 | - | - |
| 6. | *Koenigia* L. (кенигия) | 1 | - | - |
| | ЖАЛПЫ | 60 | 33 | 10 |

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



**Корутунду:**

1. Гречиха гүлдүүлөр *(Polygonaceae L.)* уруусуна кирген өсүмдүктөрдүн өкүлдөрү илимий жана элдик медицинада дары-дармек катары пайдаланылып келет.

2. Илимий медицинада жерге төшөлүп өскөн кымыздыгы авикулярин препараты менен белгилүү.

3. Суу кымыздыгынан даярдалган дары-дармектер көбүнчө башка дарылар менен кошо комплекстик түрүндө пайдаланылат.

4. Изилденген аймактагы аныкталган 33 түрдүн ичинен 10 түрүн дары-дармек катары пайдаланууга болот.

**Адабияттар:**


1. Алтымышев А.А.Лекарственные богатство Киргизии. - Фрунзе: «Кыргызстан», 1976. -355 с.
2. Барабанов Е.И., Зайчикова С.Г. Ботаника. - Москва: Изд. центр «Академия» - 2006. - 448 с.
3. Головкова, А.Г., Ботбаева М.М. Курс высших растений. часть II. Покрытосеменные растения. - Ф., 1970. - 456 с.
4. Губанов И.А., М.С. Боцманова. Лекарственные растения Киргизии. Фрунзе: Киргиз гос. Издат. 1963. - 96 с.
5. Лавренова Г.В. Энциклопедия растений [2 тома]. - Донецск: Изд. «Дончина», 1997. -512 с.
6. Флора Киргизской ССР. Определитель растений Киргизской ССР. Том 4. - Фрунзе: Изд. «Киргизфан ССР». 1953. - 155 с.
7. Акбарова М.Х. Перспективные дикорастущие лекарственные растения семейства сложноцветных - Asteraceael Ферганской долины. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2018. - №. 5. - С. 44-46.
8. Сазыкулова Г.Д., Култасова С.У. Лекарственные растения ущелья Четинди Сокулукского района. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - 2017. - №. 5-1. - С. 107-108.
9. Токтоналиев И.У. Лекарственные препараты растительного происхождения: использование в системе практического здравоохранения. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2017. - №. 7. - С. 125-127.